***Мурзалиева Зина Кочековна***
***педагогика илимдеринин кандидаты,***
***Кыргыз билим берүү академиясы***

## ИНСАНДЫ ТАРБИЯЛООДО УЛУТТУК ОЮНДАРДЫН СОЦИАЛДЫК- ПЕДАГОГИКАЛЫК ФУНКЦИЯСЫ

***Мурзалиева Зина Кочековна***
***кандидат педагогических наук***
***Кыргызская академия образования***

## СОЦИАЛЬНО-ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ ФУНКЦИЯ НАЦИОНАЛЬНЫХ ИГР В ВОСПИТАНИИ ЛИЧНОСТИ

***Murzalieva Zina Kochekovna***
***candidate of pedagogical sciences***
***Kyrgyz Academy of education***

## SOCIO-PEDAGOGICAL FUNCTION OF THE NATIONAL GAMES IN THE UPBRINGING OF THE INDIVIDUAL

***Аннотация:*** *Макалада билим берүү системасында дени сак муунду тарбиялоодо оюндардын мааниси каралды. Оюн аркылуу инсандын акыл сезимдерин, рухий дүйнөсүн, дене маданиятынын калыптануусуна негиз түзүлөт. Билим берүүдөгү дагы бир жагдай, кыргыз улуттук оюндарынын көркөм адабияттарда, ошондой эле, “Манас” эпосундагы чагылдырылышынын жаштарга өрнөктүү таасири жөнүндө айтылды.*

*Мектепке чейинки, орто мектептерде, жогорку окуу жайларында жүргүзүлүп жаткан иш пландары, илимий изилдөөлөр боюнча да сөз болмокчу.*

*Негизинен, оюндардын Эл аралык маанидеги орду, Кыргыз спортчулары жана машыктыруучулары жөнүндө маалымат берилип, алардын келечек инсанды тарбиялоодогу ролуна кайрылдык.*

***Аннотация:*** *В статье обсуждаются, важность игр системы образования для подготовки здорового поколения. Через игры создаются и основа для разума и эмоций человека, и для формирования духовного мира и физической культуры личности. Еще один момент в области образования, национальные игры, отрожена в художественных издании, а также в эпосе "Манас" и оказывают влияние на молодых людей.*

*Также речь идет о планах работы дошкольных, средних школ, высших учебных заведении и научных исследованиях.*

*В частности, говорится о роли международного значения игр, о спортсменах и тренерах об их в воспитании будущий личности.*

***Annotation:*** *The article discusses the importance of games in the education system to train healthy generation. Through the games is created the basis for person's mind and emotions, and for formation of the spiritual world and physical culture of the person. Another point in education, national games are shown in art publications, as well as in the epic "Manas", and influence for young people.*

*As well as it is discussed about the plan of work of pre-school, secondary schools, higher education institutions and scientific researchs.*

*In particular, it is told about the role of international importance of the games, about athletes and coaches and about the educating of future person.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *инсан, тарбия, ден соолук, маданият, элдик оозеки чыгармалар, улуттук оюндар, спорттук оюндар, күрөш.*

***Ключевые слова:*** *идентичность, культура, здравоохранение, культура, оральный, игры, спортивные игры, и борьба.*

***Key words:*** *identity, culture, health, culture, oral, games, sports games, and wrestling.*

Ар бир улуттун келечеги анын калкынын ден соолугуна, саламаттыгына көз каранды. Адамдын саламаттыгы жана аларга таасир этүүчү факторлор жүрүм-турум көндүмдөрү албетте, бала чакта, өспүрүм кезде калыптанат. Ошондуктан ар бир инсан, ден соолукту чыңдоого, сергек жашоого кам көрүүгө, ага олуттуу мамиле жасоо менен бирге, дене маданиятын калыптандырууга милдетүү.

Ал эми кыргыз элинин нечендеген кылымдарды карыткан тарыхына көз чаптырып, карап көрсөк, тарбиялоодо өзүнө тиешелүү каада-салты, үрп-адаты менен катар эле улуттук оюндары аркылуу сергек жашоонун, акыл-ойдун, табият менен айкалышкан маданиятынын өзгөчө белгилерин жоготпой алмустактан ушул күнгө чейин оозеки көркөм чыгармаларында кеңири мазмунда орун алып келет. Элдик оозеки чыгармачылыктын негизин түзгөн эпостордо, дастандарда, жомоктордо, ж.б. улуттук оюндар, улуттук маданияттын бир бөлүгү катары каралат. Арийне алардын инсанды тарбиялоочулук функциясы зор. Айрыкча көчмөндөр жашоосуна ылайык келген ат жалында ойногон жоокер элдин кулк-мүнөзүнө шайкеш келген;

**Ат оюндарын:** «Ат чабыш», «Эр оодарыш», «Көк бөрү», «Кыз куумай», «Тыйын эңмей»,

**Кыймылдуу оюндар**: «Ак чөлмөк», «Алты бакан», «Ак терек көк терек». «Жоолук таштамай», «Чикит» «Ордо», «Аркан тартыш» «Оромпой» «Күрөш», «Балбан күрөш», ошондой эле,

**Акыл оюндары**: «Чатраш», «Катар», «Акыйнек айтышуу», «Тогуз коргоол» сыяктуу оюндарды ойлоп табышкан. (1)

Кыргыз элинин тарыхын, маданиятын изилдеген С.М. Абрамзон улуттук оюндардын өзгөчөлүгү туурасында: «Мындай көңүл ачуу тарыхый кырдаалдарга байланыштуу болгон байма-бай болуп турган согуштук жортуулдар эр азаматтардын ар дайым коргонууга жана чабуулга даяр болуучу сапаттарды өнүктүрүүгө даярдыкты талап кылган. Жортуулдан ийгиликтүү кайтканда жеңишти белгилеп, элдик майрам өткөрүлгөн. Анда улуттук оюндардын дээрлик бардык түрлөрү аткарылган» - деп белгилейт.

Өткөн доорлордо улуттук оюндар көчмөндөр үчүн азыркы учурдун стадионун же театрдын ордун алмаштырган десек жаңылышпайбыз.

Улуттук оюн-зооктор, жарыштар адамдын дене тарбиясына, кулк-мүнөзүнө жана аң-сезимине да позитивдүү таасир этет.

Кыргыздар ар качан өздөрүнүн кыялындагы баатырдык, жоокердик сүрү бар, эр көкүрөк, алп мүчөлүү, дени сак, эли-жерин коргоочу уулдарды самап келишкен, ошондой эле жашоодон алган турмуштук тажрыйбанын негизинде ага кам көрүшкөн. Күчтүү айтылган макал-лакап, санат- насыят, накыл кептер өңдүү улуу сөздөрдү балдардын кулагына куюп келишкен. Мисалы; -«Жалакай болсоң жашыңдан, өмүрүңдү дат басат», «Кайрат күчүң барында, каптаган өрттөй жалында», «Коркок миң өлөт, артында тарпы калат, баатыр бир өлөт артында даңкы калат». «Улак чаап атына жарыштырсаң – жигиттик, жамандардан өзүңдү адаштырсаң - жигиттик, жакшыларга өзүңдү жараштырсаң – жигиттик». Ушу сыяктуу сөз берметтери өспүрүмдү жигердентет, аларды дал ошондой эрдиктерди жасоого шыктандырат, алга үндөйт. Бул инсанды тарбиялоодогу эң кеңи-

ри таралган этнопедагогикалык фомасы болуп эсептелет.

Белгилүү педагог дене маданияты илиминин негиздөөчү окумуштуу П.Ф. Лесгафт күч эмгеги менен акыл эмгегинин биримдиги дене тарбиясынын негизин түзөөрүн алгачкылардан болуп аныктаган. Ал ошону бирге эле кыймылдуу оюндарды балдарды ар тараптан тарбиялоодогу жана рухий дүйнөсүн калыптандыруудагы баалуу каражат. Оюндар кандай гана формада уюштурулбасын, дайыма балдарга эмоциялык сезимдерин жогорулатып, шамдагайлуулукка, байкагычтыкка, эске тутууга, ой жүгүртүүгө, кыйынчылыкты жеңе билүүгө, кыялданууга, өз ара мамилелешүү сыяктуу жөндөмдөрүн өркүндөтөт - деп белгилейт.

Учурда педагогика илиминде мектепке чейинки жана мектептин кенже класстарынын окууларын тарбиялоодо жетектөөчү ыкма: оюн ишмердүүлүгү, оюн формасы катары эсептеп, ага өзгөчө көңүл буруп, сабакта таяныч катары колдонулууда. Дидактикалык оюндардын теориясы менен практикасы бир топ окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн объектисине да айланган.

Кызыктуу оюндар баланын акыл жөндөмдүүлүктөрүн, инсандык, моралдык-эрктик сапаттарын тарбиялоодогу маанилүү каражат болуп эсептелет. Күндөлүк турмушта көргөндөрүн, жомокто, аңгемелерде уккан окуяларын оюнда чагылдырып, ой жүгүртүү түшүнүктөрү өнүгөт (5).

Балдарга жомокту жаш курагына ылайык көркөм окуп, көрсөтмөлүүлүктү пайдалануу аркылуу тексттин мазмуну боюнча аңгемелешип, айтып берип жатканда үндөрдүн басымы аркылуу каармандарды тууратат. Мисалы. «Чамгыр» жомогу боюнча каармандарды тууроо; ав-ав, мяу, пи-пи, ой-ой, ж.б.

Ошондой эле жомокту сахналаштырып берүүдө балдар каармандарды тууроо менен оюн, кыймыл-аракет көрсөтүү аркылуу артикуляциялык гимнастика да жасашат. (абышка - жылмаят, кемпир - ээрдин чормойтот, небере - күлөт, ит -тилин чыгарат, мышык - ээрдин жалайт, чычкан - тищин көрсөтөт).

Уккан жомоктун мазмуну боюнча сүрөт тарттыруу баланын ички көркөм дүйнөсүнө эмоционалдык таасир берип, каармандарга болгон өз оюн сүрөт аркылуу чагылдырып бере алат. Жомок боюнча билгичтик менен уюштурулган оюндар баланын кеп маданиятын өстүрүүдө, айлана-чөйрөгө болгон билим, түшүнүктөрүнүн байланышына өбөлгө түзүп, таалим-тарбиялык маани берет.

Мектепке чейинки тарбия иштерин иликтеген окумуштуу-методист - Г. Сейдекулова мындай дейт; - «Илгертен эле баланын ыймандык жактан калыптаныщына үй-бүлөдөгү үч муундан турган- «үй-бүлө» модели чоң таасир эткен. Чоң ата, чоң эне неберелерине жашоодогу мамилелешүү, жаратылышка болгон дүйнө таануу тутуму тууралуу, таалим-тарбиялык мааниси зор элдик жомоктор, уламыштарды, нускалуу баяндарды, кызыктуу турмуштук окуяларды, насааттарды, макал-лакаптарды айтып берүү аркылуу балдарга чоң адеп тарбиясынын үлгүлөрүн калтырышкан. Мисалы; «Баарынан адам күчтүү», «Арстандын баласын асыраган мышык», «Акылдуу хан», «Эки бир тууган» ,ж.б. жомоктор баланын элин, мекенин сүйүү сезимдерин өстүргөн. Артына кайрылгыс үч күлүк бар, «мезгил, ой жана жел» деп, убакыт, мейкиндик жөнүндө түшүнүктөрүн калыптандырып, өркүндөтүп жана мезгилди туура баалап, пайдаланганга ой жүгүртүүгө үйрөтүшкөн.

Ошондуктан, жомокторду бакчада да, үй-бүлөдө да билгичтик менен пайдаланып, баланын дүйнө таануусун, сезимтал, боорукер, чыгамачыл болуусун шарттап, кебин сөз байлыгын өркүндөтүүдө ар дайым пайдалалануу керек.

Бириккен улуттар уюмунун (БУУ) адам укуктарынын жалпы декларациясында, балдар өзгөчө камкордукка жана жардамга мүчө боюнун жана акылынын жетиле электиги

аны коргоого, камкордукка муктаж экендиги жөнүндө айтылат.

«18жашка чыга элек ар бир жаран-бала деп эсептелет. Ар бир жарыкка келген наристе ата-энеси никедеби жокпу бирдей социалдык коргоодон пайдаланууга укуктуу» деп белгиленет (2).

Учурда мектептерде окуучулар үчүн чыгармачыл иш алып барууга мугалимдерге билим берүүнүн жаңы философиясы менен практикалык милдеттердин түрлөрүн ачып жатат.

Ал үчүн билим берүүдөгү окутуунун жаңы стратегияларын, алдыңкы технологияларды, инновациялык активдүү методдор менен интерактивдүү ыкмаларды пайдалануу зарылчылыгы пайда болууда.

Бул жөнүндө, окумуштуу - усулчу С. Байгазиев «Эгер окуучу обьект эмес субьекти деп эсептелсе, башкы баалуулук анын инсаны болсо, негизги максат баланын личностун, чыгармачылык жөндөмүн, өз алдынчалуулугун өркүндөтүү, ички мүмкүнчүлүгүн, катылып жаткан күч-кубатын ачуу, өз бетинче ой жүгүртүүсүн жетилтүү болсо, анда ушул методиканы издеп табуу кажет» (3,5-б.) деген оюн билдирген.

Билим берүүдөгү активдүү методдорго болгон зарылчылык учурдагы дидактикалык системаны, мүмкүн болушунча педагогдун чыгармачылыгын арттыруу аркылуу маселени жеңилдетүү болуп саналат. Тактап айтканда, сабак процессин мугалим кызыктуу, жандуу, жагымдуу берүүгө, практикада пайдаланылып, дидактикалык оюндарды колдонуу аркылуу окуучулардын билимин тереңдетүү максатына жетише алат.

Оюн илимий изилдөөнүн предметине айланганга чейинки бир топ убакыта балдарды окутуунун жана тарбиялоонун маанилүү каражаты катары колдонулуп келген. Буга ата-бабаларыбыздан мурас калган интеллектуалдык, спорттук жана социалдык мүмкүнчүлүктөрдү өстүрүүчү оюндардын бир нечеси мисал болот. Заманга ылайык интеллектуалдык деңгээлин, ой жүгүртүүсүн эске тутуусун өстүрүүдө,аларды турмушка даярдоо, инсан катары калыптоо, чыгармачылыктарын өркүндөтүү максатында оюндарга жардам катары мезгилдик басма сөз каражаттары басылып чыгууда; «Кырчын», (13), «Байчечекей» (14), «Кулунчак» (15), ошондой эле Россия Федерациясынан балдарга арналган басылмалар «АБВГД» «16», «Веселые картинки» (17), «Коллекция идей» (18), «Девочки, мальчики» (19) «Игра и дети» (20), «Отчего и почему» (21) ж.б.у.с. журналдары билим берүүдөгү компетентүү негизге өбөлгө болуп жаткандыгын белгилөөгө болот.

Балдар чын дили менен өздөрү оюндарды ойлоп табышат. Алардын жардамы менен эң эле таңкалыштуу нерселер кызыктуу жана укмуштуу дүйнөгө айланат.

Мектеп жашындагы кенже класстын балдары үчүн артыкча мааниге ээ: оюн – алар үчүн окуу, оюн - алар үчүн эмгек, оюн-алар үчүн тарбиялоонун формасы (Жороев). Оюндар кабыл алууну, көңүл бурууну, эс тутумду, ой жүгүртүүнү, чыгармачыл жөндөмдү өстүрүүгө көмөктөшүп, акылды өстүрүүгө багыттайт. Педагогикалык процесске оюн кошулса, ал билим берүүнүн каражатына айланат.

Педагог үчүн оюн методикасын даярдоо, аны окуу процессине киргизүү чоң күчтү талап кылат. Дидактикалык оюндарды даярдоодо мугалим педагог катары сырткы чектөөлөргө туш болот. Мисалы, сабактагы убакыттын чектөөлүүсү. Мугалимдердин арасында кээде; «Эгер сабак учурунда ойнотсок, эрежелерди качан үйрөтөбүз?» - деген суроо жашайт. Бул оюнду окутуу каражатынын маанисин түшүнбөгөндүктөн дидактикалык оюндарды окуучулардын аң-сезимин стимулдаштыруу үчүн эмес, аны ашыкча метод катары көргөндүктөн болот.

Оюн ишмердүүлүгү адам активдүүлүгү өзү жумшаган физикалык жана духовный күчтөн ырахат гана алган сфера болуп саналат. Жаратылыш балдар оюндарын турмуш-

ка даярдануудагы ар тараптуу өнүгүүсү үчүн жараткандай. Ошондуктан алар адам ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрү менен генетикалык байланышта болуп, эмгектеги, пикир алмашуудагы, исскуствводогу жана спорттогу балдардын таанып-билүү формасы болот.

Оюндар окутуунун жана тарбиялоонун мазмуну менен байланышта каралат.

Аларды төмөндөгүдөй классификацияласа болот:

- сенсордук тарбиялоого байланышкан оюндар,
- сөздүк оюндар,
- жаратылыш менен байланышкан оюндар,

Кээде оондардын түрлөрү анда колдонуучу материалдарга байланыштуу болот;

- дидактикалык оюнчуктарга байланышкан (сүрөт)
- басмадан чыгарылган материалдарга байланышкан,
- сөздүк оюндар,
- ар кандай сюжеттик оюндар,

Окуучулардын топтошуп иштөө ишмердигине карата дидактикалык оюндарды шарттуу түрдө төмөнкүдөй типтерге бөлүү максатуу:

- саякат оюн,
- тапшырма оюн,
- болжол оюн,
- табышмак оюн,
- талкуу оюн (диолог)

Функционалдык кызматына карай оюндар көнүгүүлөр, зарядкалар, музжаргычтар, баш катырмалар, мелдештер, жана билимдерин бекемдөөчү оюндар болуп бөлүнөт.

**Стратегиялык мамиле**

Тапкыч, ылайыктуусун издөөчү, жаратуучу, ролдук оюндар, кырдаалды моделдештирүү жана табышмактар.

**Дидактикалык мамиле**

Сөздүк жана грамматикалык окуу, жазуу, маектешүү, аудирование. вербалдык эмес.

**Функционалдык мамиле**

Көнүгүүлөр, зарядкалар, музжаргычтар, баш катырмалар, мелдештер, билимди бекемдөөчү.

Бул категориялар көп түрдүү ишмердүүлүктөрдү өз ичине камтыйт.

Мисалы, таратмалар менен сөз оюндарына негизделген тилдик көндүмдөргө, кеп өстүрүүгө карата, логикалык табышмак, ыр, макал-лакап, лото, ребус, лабиринт, кроссворд, чайнворддорду табуу, чечмелөө процессинде топтор менен иштөөдө ийгиликтүү кырдаа түзүлөт.

Адатта логикалык оюндар катышучуларга чоң кызыгууну жана энтузиазмды жаратат. Эс алуу учурунда мындай табышмактарды ар курактагы инсан чечүүгө кызыгат.

Мындай оюн сабактары кийинки жылдары, КРнын экс-президенти Роза Отунбаеванын демилгеси менен мектеп окуучуларынын жайкы эс алуу учуруна ылайыкталып, «Жайлоо мектептери» уюштурулуп, ага ар курактагы балдардын тобуна атайын программалар түзүлүп, кыргызстандын тоолуу аймактарынын жайлоолорунда практикаланып келе жатат. Андай иш чарага атайы даярдалган кадрлар тартылып, эл арасында өмөктүү иштерди алып барышууда.

Деги эле, мектептен тышкаркы мезгилде балдардын ички рухий жан дүйнөсүн калыптандырууга болгон ийримдер республикалык атайын эстетикалык борборлорунда иштейт. Алар балдарга кол өнөрчүлүккө, жыгачтан, кийизден, темирден, ар кандай материалдардан түрдүү сувенерлерди, оюнчуктарды, конструкторлорду жасоого үйрөтүшөт. Муну менен эле чектелип калбастан алар, ырга, бийге, сүрөт тартууга, живописке көнүктүрүшөт. Балдардын өз колдору менен жасаган буюмдары, үйрөнгөн ыр-бийлери менен ар түрдүү көргөзмөлөргө, эл аралык фестивальдарга катышып жеңишке жетишкен учурларына биз күбө болуудабыз.

Мамлекетибиз, балдардын келечеги үчүн кам көрүүсүнүн дагы бир негиздүү иш ча-

раларынын бири – бул спорт оюндары жаштардын тартылышы.

Атайын спорт-мектептери, машыктыруучу спорт залдары, республикабыздын ар бир аймагында, айылдарында даяр кадрлар менен иш алып барышууда. Жаштар арасында кеңири тараган Эл аралык оюндар футбол, баскетбол, бокс, теннис, штанга, жеңил атлетика, гимнастика, карате, ушу, таэквондо, айкидо ж.б. секцияларына (бөлүмдөрү) дээрлик активдүү тартылышкан. Ал эми кыргыздын менталитетине ылайыкташылган кыргыз.

Кийинки биз сөз кыла турган «кыргыз күрөшү» же балбан күрөшүнүн түпкү тамыры тереңде. Күрөш элдин көңүл ачуу оюну гана эмес, ар намысты, чечкиндүүлүктү чеберчиликти, жөндөмдүүлүктү көрсөткөн, балбандын артыкчылык жактарына баа берилүүчү улуттук спорт оюндарына кирет.

Кыргыз рухунун – туу чокусу болгон «Манас» эпосунда ондогон улуттук оюндар өтө көркөм, кызыктуу сүрөттөлөт. Эпостогу «Көкөтөйдүн ашындагы» калмак балбаны Жолой менен катагандын кан Кошой беттешкен учурунан үзүндү келтирсек:

Көкөтөйдүн көк туусу
Көтөрүлдү кылкылдап
Ырамандын ырчы уулу
Жар чакырды баркылдап:
Улуктар бизди жиберди
Уксун деди көп элди
Баары арманда калбасын
Балбандан балбан тандалсын
Кара кытай калмактар
Оңбогон Жолой баатырды
Баары журту баалаптыр.
Караган эл таң болуп
Алың жетсе мына деп
Кошой тосту билегин
Билектен Жолой тутканы
Колун Кошой булкканы
Бир булку менен Жолойдун
Билегин сууруп алганы
Намыстанып чиренип
Акырек менен тирешип
Согончок тийген жерлери
Түптүз кылып жирешип
Кара туман чаң болду.

Кыргыз эли эзелтен балбандары менен сыймыктанган, даңазаланган. Мисалга Кааба уулу Кожомкулдун (1888-1956) балбандыгы тастыкталган улуттук маданий мурас. Заманбаб күрөштүн профессионалдык түрүнүн калыптанышына салым кошушкан спорт чеберлери С. Чекиров, Ж. Карагулов, Ж. Донбаев, К. Касмалиевдердин эбегейсиз эмгектери өзгөчө сөз кылууга татыктуу.

Кийинки мезгилде Кыргызстандын балбандары күрөштүн түрлөрү боюнча дүйнөлүк аренада чеберчилигин көрсөтүп жеңиштерге ээ болушууда.

Кийинки муундан Р. Санатбаев, К. Өмүралиев, Р. Түмөнбаев, К. Бегалиевдер ж.б. дүйнөлүк, олимпиадалык оюндарга катышып, кыргыз элине ийгиликтүү жеңиштерди алып келишүүдө.

Кийинки мезгилде Кыргызстандын балбандары күрөштүн түрлөрү боюнча дүйнөлүк аренада чеберчилигин көрсөтүп жеңиштерге ээ болушууда.

Эл аралык деңгээлдеги болуп өткөн «Көчмөндөр оюндары» аттуу оюн-зоок фестивалы дагы бир жолу элибиздин тээ алмустактан берки инсанды тарбиялоодо улуттук оюндар аркылуу рухий таза муунду өстүрүүгө олуттуу мамиле жасап келгенинен кабар берет.

**Адабияттар:**

1. Анаркулов Х.Ф. Кыргызские народ. под. Игры. Физичес. упраж. соврем. М. 1993. Автореф.
2. Адам укуктарынын жалпы декларациясы (Текст) 25-статья. - Нью-Йорк, 1982, 2-ноябрь.
3. Байгазиев С.О. Азыркы мектептеги тарбия; максаты, мазмуну жана технологиясы. (Текст) Б.2009. - 116 б

4. Мамытов А.М., Жанузаков К. Ч. Дене маданияты теориясы. - 2011.
5. Рысбаев С.К., Азыркы кыргыз балдар адабияты; проблемалар жана портреттер. Бишкек. 1998-ж.
6. Сейдекулова Г.С. Усенко Л.В. Тарбиячыларга кеп кеңеш. Усулдук колдонмо. Бишкек шаары. Аламидин -1к/р “KIRLand” ЖЧКсында басылган
7. Токторбаев С. Өспүрүмдөр оюндары- Б.1991.
8. Исаков Б. Санат сөз. Б-2005.
9. О. Жукова, Ершова О.А., Новиковская О.А., Игры со сказками. Санкт-Петербург, Москва, 2006.
10. Жороев Т. Кыргыз тилин окутуудагы дидактикалык оюндар. Ош.2013ж. (кандидат. Илимий иш).

***Рецензент: к.п.н., доцент***
***Иманкулов М.К.***